УДК:371.3(005.334)

*Абсаматова Элнура Абсаматовна, окутуучу*
*E-mail: oshland8@gmail.com*
*Кыргыз-Өзбек университети*
*Кыргыз Республикасы Ош шаары*

# ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНДЕГИ КОНФЛИКТИК ЖАГДАЙЛАР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

# КОНФЛИКТНЫЕ СИТУАЦИИ В ПРОЦЕССЕ ВОСПИТАНИЯ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ

# CONFLICTS AND THEIR RESOLVING WAYS DURING BRINGING UP PROCESS

***Аннотация:*** *Бул макалада бүгүнкү күндө үй-бүлөдө, мектептерде жана окуу жайларда балага тарбия жана билим берүү процессинде пайда болуп келген эң орчундуу көйгөйлөр каралган. Аныкталган маселени кантип чечүү керек деген суроосуна жооп издегенге аракеттер жасалып, сунуштар берилди.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматриваются общие проблемы, возникающие в процессе воспитания в семье, в школе и в ВУЗе. После каждого определения проблемы предпринимаются попытки повлиять на факторы и возможные механизмы регулирования или разрешения.*

***Abstract:****This article examines the general problems that arise in the process of education in the family, at school and at the university. After each problem definition there is being sought for affecting factors and possible regulation or resolution mechanisms.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбия берүү, жаш муун, ата-эне, тарбиялоочу, келишпестик, чечим*

***Ключевые слова:*** *воспитание, родители, воспитатель, конфликт, решение.*

***Key words:*** *bringing up, young individual, parents, educator, conflict, solution*

**“Тарбия берүү–улуу иш: аны менен адамдын тагдыры чечилет”**

*В.Г.Белинский*

Адам баласы жарык дүйнөгө келип, тиричилик өткөрүү аракетин кыла баштагандан тартып тарбия ала баштайт. Таалим-тарбия берүү процесси адамда социалдык сапаттардын түзүлүүсүнө жана аны курчап турган тышкы чөйрө, б.а. коом менен болгон мамилелердин түзүлүүсүнө жана кеңейүүсүнө багытталган. Адамдын жашоодогу түрдүү жагдайларга карата болгон мамилелер системасы канчалык кенен, түрдүү жана терең болсо, рухий дүйнөсү да ошончолук бай болот.

Адам турмушта социалдык тажрыйба, коомдук баалуулуктарга ээ болуу менен бирге аны курчап турган дүйнө менен болгон бирдиктүү, активдүү иш-аракет процессинин ичинде жашайт. Адамдын объективдүү мамилелеринин чагылдырылуусунун негизинде ички дүйнөсүнүн психологиялык, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнүн түзүлүүсү жүрөт. Натыйжада адамдын мүнөзү, интеллекти, айлана-чөйрөгө жана өзүнө болгон мамилеси түзүлөт. Эч бир адам дүйнөгө даяр кулк-мүнөзү, эрки ж.б белгилүү өзгөчөлүктөрү менен келбейт. Аталган касиеттер адамда убакыт өткөн сайын алган таалим-тарбиясына гана байланыштуу пайда болот. Бала төрөлгөндө эле коомго аралашат жана ал коом анын эң алгачкы дүйнөсү, коомдун баштапкы бирдиги болуп үй-бүлө эсептелинет. Үй-бүлө адамдын инсан болуусундагы эң негизги социалдык фактору катары саналат.

Таалим – тарбия - улуу муундардын кийинки урпактарга калтырган маданий мурастарынын, дүйнө таануусунун, каада-салтынын, акыл-ойлорунун, жүрүм-турумунун жана эреже-мыйзамдарынын түгөнбөс кенчи. Таалим - тарбия берүү коомдун түзүүчүсү жана анын негизи болгон үй-бүлөдөн башталат. Бүгүнкү күндө өлкөбүздө балдарга таалим - тарбия берүү кыйынга туруп калды. Анткени замандын жаңы талабы, жаңыча ой жүгүртүүгө, жаңыча тарбия берүү менен замандын талабына жараша акыл-эстүү,

ыймандуу, бир сөз менен айтканда, тарбиялуу уул-кыздарды өстүрүп чыгаруу маселеси орчундуу болуп келүүдө. Анткени тарбия иштерин жүргүзүү учурунда келип чыккан ар кандай келишпестиктер, түшүнбөстүктөр жана баланын тарбия алуусуна тоскоол болгон себептерден келип чыккан конфликттер көбөйүүдө. Бул маселелерге кайдыгер карабастан келечек муундарына татыктуу тарбия берүү ар бир ата-эненин жана педагогдун негизги милдети болуп эсептелет.

Жаштардын коомдун талабына жооп берген жана ошол эле мезгилде толук кандуу инсан катары жетилиши ар дайым коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиянын негизги жана актуалдуу маселелеринен болуп келген. Коом туруктуу өнүгүү абалында болгон учурда бул маселе анчалык татаалдыкты жаратпайт, себеби тарбия жүргүзүүчү негизги эки субъект мектеп (коомдук структура катары) жана үй-бүлө (коомдун бир бөлүгү, бирок табыгый карым-катнаштар менен шартталган, өз алдынча тарбия структурасы катары) ортосунда карым-катнаштарда экономикалык, социалдык, идеологиялык ж.б. карама-каршылыктар жокко эсе болуп, алардагы жүргүзүлүүчү тарбиянын максаты, мазмуну, керек болсо, ишке ашыруу жолдорунда бир багытка негизделген бүтүмдүк өкүм сүрүп турат. Буга мисал катары социализм учурундагы бирдей экономикалык, идеологиялык шарттарда жүргүзүлгөн таалим-тарбия тажрыйбасы күбө боло алат. Тескерисинче коомдо туруктуу өзгөчө экономикалык, идеологиялык, саясий ж.б. карама-каршылыктар күчөгөн сайын мектептик тарбияда да, үй-бүлөлүк тарбияда да көйгөйлүү маселелер арта берери шексиз. Таалим-тарбия процессииин негизги эки субъектиси ортосундагы мамилелер туруксуз болуп, татаалдашып алардын аткарган максат, милдеттерин жана мазмунун тактоо же керек болсо кайрадан иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгат. Белгиленген көрүнүштөрдү бүгүнкү Кыргыз Республикасындагы мектеп жана үй-бүлө таалим-тарбия тажрыйбасында кеңири орун алып тургандыгын байкоого мүнкүн.

Үй-бүлө инсандын социалдык жактан калыптанышындагы микрофактордук таасирдүүлүгү менен айырмаланып турган өзгөчө таалим-тарбия берүүчү феномен. Ошол эле мезгилде ал үй-бүлө өз мүчөлөрүн нике аркылуу бириктирүү менен, биологиялык жана табигый бир тууганлык байланыштарды ичине камтып турган чакан адамдардын тобу. Илгертеден бери үй-бүлө мүчөлөрүнүн үй-тиричилик, өз-ара камкордук, өз-ара жардамдашуу сыяктуу иш-аракеттер жана табигый бир тууганлык мамилелер бириктирип келген жана ошондой мамилелердин бекемдиги, алардын балдардын өсүп-өнүгүүсүнө багытталгандыгы менен үй-бүлө өзүнүн биримдигин сактап, тарбиялык милдетин аткарып келген.

Бирок, бүгүнкү күндөгү экономикалык кыйынчылыктар, аларга байланыштуу трансформациялык көрүнүштөр: коомдогу социалдык ажырымдардын байлар, кедейлердин пайда болушу, ички, тышкы миграциянын күчөшү, идеологиялык биримдиктин жоктугу, саясий абалдын туруксуздугунун болушу үй-бүлөлөргө түздөн-түз терс таасирин тийиши менен өсүп келе жаткан балдардын социалдык жактан толук кандуу инсан катары жетилишине өтө терс таасирин тийгизүүдө. Ошол эле экономикалык катачылыктын айынан ата-энелер балдарын таштап, жашоо-тиричиликке каражат табуу максатында ички жана тышкы миграцияга дуушар болууда. Натыйжада балдар карым-катнашардын, бир туугандардын колунда калып, ата-эненин түздөн-түз мээриминен, таасиринен оолак калууда. Мунун натыйжасында учурдагы үй-бүлөлүк мамилелер өтө татаалдашып, алардагы табигый ата-энелик, бир тууганлык мамимлелердин ордуна экономикалык, статустук абалга карата болгон көз-карандылык мамилелер күч алууда. Мындай трансформациялык көрүнүштөрдүн социалдык натыйжалары канчалык болоорун комчулук, ал тургай атайын таалим-тарбия берүүчү институттар дагы анчалык түшүнө элек десек болот. Ошол, бүгүн базарда жүргөн балдар качанга чейин тачка ташыйт? Алардын келечеги кандай болот? Алар учурда албай калган билимди качан алат? Бүгүн эле турмуштук кыйынчылыктарга туруштук бере албай жактан өспүрүмдөрдүн келечеги кандай болот деген сыяктуу суроолорго жооп издөө ар бир ата-эненин, ар бир педагогдун, деги эле аң сезимдүү атуулдун көйгөйлүү маселелеринен болуп турат.

Азыркы үй-бүлөлөр мурдагы үй-бүлөлөрдөн өзүнүн демографиялык абалы (балдардын санын аздыгы же көптүгү) менен гана айырмаланбастан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин алыс же жакындыгы менен да айырмаланат. Акыркы убакта, кандайдыр бир деңгээлде ата-эне менен балдардын ортосундагы, бир туугандар арасындагы мамилелердеги зкономикалык көрсөткүчтөрдүн, башкача айтканда, сый, урмат баалуулуктарынын наркы, колунда бар же колунда жок сыяктуу түшүнүктөр аркылуу бааланышы күч алып бара жатат десек болот. Эгерде мурунку шартарда кыргыз үй-бүлөсүндө балага карата айтылган ата-эненин тарбиялык сөздөрү же деги эле кеп-кеңеши бала үчүн өзгөргүс, эч кандай талаш-тартышты туудурбаган эреже катары кабыл алынып келсе, бүгүнкү өспүрүм андай болбой калды. Биздин алган маалыматтарыбызга ылайык мунун себеби өспүрүмдөр ата-энесине бүгүнкү күндүн талабын, эң алды менен экономикалык талабын коюуда. Балдар арасында: «силер мага башка балдардай шарт түзүп бере албай тургандан кийин, мени эмне үчүн бул дүйнөгө жараттыңар?» деген сыяктуу суроолор коюшууда. Ал эми ата-энеси бул суроого жооп бере албай, бала алдында алсыз, психологиялык жактан күнөөкөр абалында калуусу күчөп бара жатат десек болот. Бул үй-бүлөлүк тарбия маселесинин татаалдашуусунун экономикалык себептери экендигин байкоого болот.

Ошол эле экономикалык шарттардан келип чыккан идеологиялык баалуулуктардын кыйрашы үй-бүлөлүк мамилелердеги адеп-ахлактык пайдубалдын бошошуна түрткү болууда. Биринчи кезекте ата-энелердин өз балдарына адеп-ахлактык үлгү болуусу татаалдашты. Жашоо-тиричиликтин айынан ар кандай мыйзамсыз иштерге, алдым-жуттуулукка, ар кандай көз жумдуулукка барып жаткан ата-эне кантип баласына инсандык үлгү боло алат? Булардын натыйжасы катары өспүрүмдөр арасындагы тартип бузуулардын, кылмыштуулуктун, ал тургай бул дүйнө менен коштошуп өз өмүрүн кыйууга барган учурлар кездешүүдө. Демек, коом жана мамлекет тарабынан жогоруда белгиленген негизги таасир көрсөтүүчү факторлордун (экономикалык жана идеологиялык) терс таасирин азайтуунун үстүндө иштөө менен демократиялык коом шартындагы укуктук институттардын иштерин жандандыруу, мектеп жана ата-энелелердин милдеттерине байланыштуу укуктук механизмдерди иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгат. Мындай механизмдер же укуктук чектөөлөр ата-энелерди да, балдарды да, мектептеги мугалимдерди дагы коргоого алуу менен алардын жоопкерчилигин аныкташы керек.

Ошентип, учурдагы кыргыз үй-бүлөөсүндөгү мамилелер, тарбиялык иш-аракеттер ар тараптан гумандаштырууга, укукташтырууга, башкача айтканда, бүгүнкү күндүн талабына ылайык өзгөртүүгө, эркиндетүүгө, жалпы адамкерчиилик баалуулуктар менен толукталууга, жана кыргыз элине мүнөздүү нукура элдик каада-салттар, үрп-адаттар менен байытууга мутаж. Мунун өзү бүгүнкү күндө ата-ане менен балдар ортосундагы мамилелерде өз-ара жардамдашууга, сабырдуулукка басым жасалышы керек дегенди билдирет. Анткени кандай болгондо да ата-эне менен балдар эки башка муундун өкүлдөрү болгондуктан, алардын дүйнөгө болгон көз караштарында, баалуулук дөөлөттөрүндө, жүрүм-турумунда айырмачылыктар болбой койбойт. Ал эми бүтүндөй доор жана коом алмашкан шартта инсандардын социалдык багыттарындагы дал келбестиктер өтө курч мүнөзгө айланат жана өз-ара сабырдуулук болбогон жерде конфликттер кучөйт.

Кийинки мезгилдеги үй-бүлөдөгү балдардын санынын кескин азайышы, чоң ата, чон энелердин артык баш мүчөлөргө айланышына кары-картаңдарды карылар үйлөрүнө өткөрүп берүүгө алып келүүдө. Ошол эле мезгилде учурды экономикалык тартыштыктар бир туугандар арасындагы мамилелердин салкындашына, ал тургай бузулушуна түрткү болууда. Эгерде мурда ата-эне баланы дүйнөгө жараткандыгы үчүн гана балалуу болуп келсе, бүгүнкү күндө, ал жетишсиз болуп калды. Ата-эненин ролу аларга болгон сый-урмат, алардын кызмат абалы, инсандык дарамети, коомдогу орду, экономикалык мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталып бара жатат.

Үй-бүлөлүк тарбиянын негизги күчү, ошол үй-булөгө мүнөздүү болгон инсандык ресурстарга байланыштуу болот. Бир жагынан алганда бул үй-бүлөнүн туруму же кимдерден турары (ата-энесинин, бир туугандарынын чон ата-энесинин жана башка жакын туугандарынын бар же жок экендигине байланыштуу) болсо, экинчи жагынан үй-бүлөөнүн мүчөлөрүнүн ден-соолугу, билим деңгээли жана кесиптик багыты, коомдо ээлеген орду, жекече кызыкчылыктары жана табити, нарктуулук дарамети, ар нерсеге болгон ынтызаарлыгы ж.б. Мунун өзү үй-бүлөнүн социалдык жана тарбиялык милдетин аткаруудагы укуктук негиздерин, жоопкерчилигин тактоо керек экендигин билдирет.

Жаштарды турмушка даярдоочу коомдук субъект жана түздөн-түз билим, аны менен кошо тарбия берүүчү мекеме болуп эсептешкен мектепке кайрыла турган болсок, ал тармакта дагы көптөгөн көйгөйлүү маселелер бар экендигин көрүүгө болот.

Ошол экономикалык, идеологиялык, саясий ж.б. факторлордун мектептеги таалим-тарбиясына тийгизген таасирин айтпаганда, таалим-тарбияга байланыштуу илимий-теориялык көз караштарда дагы чечилбеген талаш-тартыштардын пайда болгондугун белгилеп кетишибиз керек. Бул жерде сөз мектептин социалдык институт катары аткарган милдетиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө сөз болуп жатат. Учурдагы мектептердин билим берүүчү (миссиясын дагы толук аткара алабай жаткан учурлар аз эмес) милдет менен гана чектелүүсү, балдарды кызыктыруучу социалдык иш чаралардын аздыгы, мектеп мугалиминин «сабак берүүчү» гана болуп калышы, дегеле мугалимдин социалдык статусунун түшүшү, алардын жашоо тиричилиги, ата-эненин капчыгына көз каранды болушу (меткептердеги ар кандай максатгагы акча чогултуулар), бул коомдук институнун социалдык статусунун түшүшүнө, мугалимдердин тарбиячылык абройунун төмөндөшунө алып келди.

Жыйынтыктап айтканда, бул коомдогу ар түрдүү таасирлерге карабастан баланы замандын талабына ылайык туура тарбиялоо ар бир ата-эненин жана педагогдун милдети болуп эсептелет. Кандай гана шарттар болбосун балага тарбия берүүдө ата-эненин, мугалимдин билим деңгээлинин жогору болуусу шартталат. Ал эми үй-бүлөлөрдүн социалдык-экономикалык абалдарында болгон айырмачылыктардын көйгөйүн мамлекет өз карамагында колдоого алуусу абзел. Өлкөбүздөгү бүгүнкү күндө болуп жаткан терс көрүнүштөр кечээги жаш муундун тарбия деңгээлин көрсөтүп турат. Эгер мамлекетибизде тынчтык орун алсын, ар түрдүү кылмыштуулук, талап-тоноочулук болбосун, ата-энелер кароосуз калбасын, улуттар аралык чыр-чатактар чыкпасын, жакырчылыктын деңгээли төмөндөбсүн десек ынтымакта, биримдикте, бири-бирибизге сабырдуулук, урмат-сый менен мамиле насаат, азыркы жаш муунга туура таалим тарбия берүүгө көңүл буруубуз керек. Ал үчүн тарбия иштерин жүргүзүүдө бир катар реформаларды, өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылдыгы турат. Жасала турган реформаларды төмөндөгүчө жүргүзүүгө болот:

1. Мектеп жана уй-булө биримдиги түзүлүүсү зарыл, мектеп менен уй-булөнү байланыштырган атайын комиссиялык топ түзүлүүсү керек. Кыска убакыт аралыгында ата-энелер менен мугалимдердин чогулуштарын өткөрүп туруулары зарыл.
2. Окуучу үчүн ар бир ата-эне мектеп тапшырмаларын аткарганга убакыт бөлүп туруусу шарт.
3. Ден-соолук министрлиги тарабынан ар бир үй-бүлө менен байланышып, медициналык, психологиялык жардамдар көрсөтүлүүсү шарт.

Ошондой эле тарбия ишин жүргүзгөн мектеп мугалимдеринин билим деңгээлинин төмөндүгү орчундуу көйгөй болуп келүүдө .

1 окуу-тарбия иштерин илимий негизде долборлоо жөндөмдуулуктөрүнүн төмөндүгү сабакты жүргүзүүнүн заманбап технологиялары жана инновациялык усулдары.

2 -колдонуудагы кыйынчылыктар; билим чөйрөсүндөгү карым-катнаштардан, мамилелешүүдөн келип чыккан кыйынчылыктар;

-учурдагы балдардын өсүп-өнүгүүсүнө мүнөздүү социалдык, физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрдү үйрөнүү, же диагностикалоо сыяктуу кыйынчылыктар ж.б. кирет.

Аталган кыйынчылыктарды жеңүү жана учурдагы социалдык милдеттерди чечүү үчүн мугалимдердин жаңы муунун даярдоо зарылчылыгы туулат. Андай жаңы муундун мугалимдерине мүнөздүү кесиптик критерийлердин ичинде мугалимдин дидактикалык компетенттүүлүгүнүн жанында анын социалдык, психологиялык компетенттүүлүгү биринчи орунга чыгары шексиз. Себеби, бир жагынан социалдык ажырымдар кучөгөн, ички жана тышкы миграцияга дуушар болуп турган шартта, экинчи жагынан илимий-техникалык прогресстин натыйжасында информациялык технологиялардын, билим каражаттарынын дүркүрөп өсүшү бүгүнкү мугалимден кесиптик жактан тынымсыз өсүп-өнүгүүнү жана коомдо социалдык кызмат аткаруучулук милдеттеринин күч алышын шарттайт.

**Адабияттар:**


1. Асипова Н.АСоциалдык тарбия. Б.: КТУМ, - 2004. - б.103-107.
2. Мудрик А.В. Социальная педагогика. М., - 1999. – б.89.
3. Сабыр Иптаруулу. Кыргыз жан дуйнөсү. Б., - 2012. - б.78-83.
4. Miller.J.G 1.6.&BersoffD.M., - 1992,- С.73 -74.
5. Зимняя И.А. Кошгетентностный ПОДХОД (теоретико-методологический аспект). В высшее образование сегодня. № 8, - 2006. С.20-26.
6. Рубцов В.В. Психолого-педагогическая подготовка педагогических кадров для новой школы. Педагогика, № 5, - 2010. С.55-59.
7. Чудинова Г.А. Проблемы адаптации выпускников школы к демократическим преобразованиям. Педагогика, № 3, - 2007. -С.29-34.